УДК:78.37.015

**К. Джакыпов, Ү. Күсөрмамбетов, Жумагазиева М.**
И. Арабаев ат. КМУнун көркөм маданият жана билим берүү факультетинин деканы, п.и.к., доц.м.а.
Көркөм маданият жана билим берүү факультетинин музыка кафедрасынын магистранты,
Көркөм маданият жана билим берүү факультетинин музыка кафедрасынын магистранты
**К. Джакыпов, Ү. Күсөрмамбетов, Жумагазиева М.**
к. п.н., декан Факультета художественной культуры и образования КГУ им. И. Арабаева, и.о. доцента,
магистрант факультета художественной культуры и образования КГУ им. И. Арабаева**,**
магистрантка факультета художественной культуры и образования КГУ им. И. Арабаева
**К. Dzhakypov, Y. Kusormambetov, M. Zhumagazieva**
Candidate of Pedagogical Sciences, Dean of the Faculty of Art Culture and Education of I. Arabayev KSU, Associate Professor
master's student of the Faculty of Art Culture and Education of I. Arabayev KSU
master's student of the Faculty of Art Culture and Education of I. Arabayev KSU

# КР ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН КӨРКӨМ БИЛИМ БЕРҮҮ ФАКУЛЬТЕТТЕРИНДЕ САЛТТУУ МУЗЫКА АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРГЕ ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

# ПРОБЛЕМЫ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ СТУДЕНТОВ ЧЕРЕЗ ТРАДИЦИОННУЮ МУЗЫКУ НА ФАКУЛЬТЕТАХ ХУДОЖЕСТВЕННОГО ОБРАЗОВАНИЯ В ВУЗАХ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# PROBLEMS OF AESTHETIC EDUCATION OF STUDENTS THROUGH TRADITIONAL MUSIC AT ART FACULTIES OF HIGHER EDUCATIONAL INSTITUTIONS OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Аннотация:** Макалада КР жогорку окуу жайларынын көркөм билим берүү факультеттеринде салттуу музыка аркылуу студенттерге эстетикалык тарбия берүүнүн ролу, коомдогу талаптар жана анын учурдагы абалы жана аталган маселени чечүүдө аткарылып жаткан иштер тууралуу талдоо жүргүзүлгөн.

**Аннотация:** В статье анализируется роль эстетического воспитания студентов факультетов художественного образования Кыргызской Республики через традиционную музыку, потребности общества и его современное состояние, а также проводимую работу по решению данной проблемы.

**Abstract:** The article analyzes the role of aesthetic education of art students in the Kyrgyz Republic through traditional music, the needs of society and its current state, as well as ongoing work to address this issue.

**Түйүндүү сөздөр:** салттуу музыка, эстетикалык маданият, эстетикалык тарбия, билим берүү, руханий байлык, студенттер, болочок адис.

**Ключевые слова:** традиционная музыка, эстетическая культура, эстетическое воспитание, образование, духовное богатство, студенты, будущий специалист.

**Keywords:** traditional music, aesthetic culture, aesthetic education, education, spiritual wealth, students, future professional.

Кыргыз Республикасында билим берүү системасынын жаңылануу шартында жаш муундарга көркөм-эстетикалык тарбия берүүнүн ролу өзгөчө орунда туруусу керектиги тууралуу көптөгөн сунуш-пикирлер айтылып келүүдө. Бул маселе тарыхый шарттарга дагы, азыркы жашоонун талаптарына да байланыштуу. Бирок коомчулукта жаралган мындай зарылчылыкка карабастан, студенттердин улуттук маданиятыбыз менен кеңири кабардар болуп, элибиздин руханий казынасынын орчундуусу болгон салттуу музыканы угуу жана талдоо көндүмдөрүн өркүндөтүү маселелерине жетиштүү көңүл бурулбай келет.

Өлкөбүздөгү руханий абалдын туруксуздугу, адамдардын жан дүйнөсүнүн деградацияланууусу эстетикалык тарбиялоонун ролун күчөтүү керектигин ачык эле көрсөтүп турат. Анткени, ар бир инсан жашоо-турмушунда чыгармачылык менен иш-аракет жасаганда гана өзүн өзү өркүндөтүүсү үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүктөргө жол ачып, мамлекеттин өнүгүүсүнө салым кошо алат.

Кыргыз Республикасында жаралган саясий-экономикалык жана социалдык кырдаалга туура баа берүү менен 2021-жылдын 29-январында КР Президенти С. Жапаров «Инсандын адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндө жарлыкка кол койду.

Анда, Кыргыз Республикасында ички саясаттын эң маанилүү багытын – жогорку моралдык ченемдерди, каада-салттарды, салттуу болгон үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарды, сергек жашоону өздөштүрүү, Кыргызстан элдеринин маданиятарынын дөөлөтүн, кайталангыстыгын жана бирдиктүүлүгүн чагылдырган жалпы адамзаттык баалуулуктардын системасына өтүү аркылуу жарандарды тарбиялоону колдоо максатында токтом кылды:

Токтомдун КР Өкмөтүнө сунушталган бөлүмүнүн экинчи жана үчүнчү пункттарында:

- Билим берүү системасында тарбия берүүнүн улуттук маданий, руханий-адеп-ахлактык жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга ылайык келүүсүн: жарандарды жана биринчи кезекте балдарды, анын ичинде турмуштук оор кырдаалдагы балдарды дене-бою жагынан, психикалык, социалдык, адеп-ахлактык өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылсын;
- Билим берүүнүн окуу стандарттарын кайра карап чыксын, окуучуларды жана окуу жайларынын студенттерине этика, эстетика жана дене тарбия боюнча предметтерди киргизсин; -деген талаптар коюлду[2].

КР ЖОЖдорунда студенттерге эстетикалык тарбия берүү ишин ишмердүүлүктүн артыкчылыктуу багыттарынын бири катары кароого мезгил жетти. Бул өз кезегинде жогорку билим берүүнүн баалуулугунун өсүшүнө, ар тараптуу гармониялуу өнүккөн адистердин кесиптик деңгээлинин жогорулашына жана байлык топтоого багытталган жолдон баш тартып, өз адистиги менен иштеген бүтүрүүчүлөрдүн санынын кескин өсүшүнө алып келет.

Кылымдар бою эл ичинде балдар үчүн атайын музыкалык чыгармалар иштелип чыккан. Алар: бешик ырлары, оюндар, табигат, жан-жаныбар, канаттууларга байланыштуу ырлар, бий ж.б. Аты-жөнү белгисиз чыгармачыл таланттар балдарга эмне керектигин, эмне кызыктуу болушу мүмкүн экендигин, алардын көңүлдөрүн эмне кубантарын педагогикалык туюмунун жардамы менен баамдашкан. Элибиз илгертеден эле музыкалык чыгармачылыкта чоң тарбиялык маани бар экендигин муундан-мууга жеткирип келет. Салттуу музыка көңүлдү ачып гана тим болбостон, аны жаңы таасирлер менен байытып, өсүп келе жаткан муундарга курчап турган чөйрөнүн жаркын элестерин берет, жакшылыкка кубанууга, башкалардын кайгысына ортоктош болууга үйрөтөт, табигатка аяр мамиле кылууга тарбиялайт жана ошонусу менен студенттердин руханий дүйнөсүн байытат.

Студенттер менен салттуу музыканы үйрөнүү сабактарында элдик музыканын ар кандай формаларын жана жанрларын колдондуу зарыл. Ошондой эле элдик музыканын ар кандай көрүнүштөрүнүн ичинен фольклор, элдик обондор, элдик ырлар, элдик обондордун аранжировкалары, автордук чыгармалар ж.б. пайдалануу да оң натыйджаларга жетишүүгө шарт түзөт. Элдик музыка жүрөктөн чыккандыгы менен студенттердин эмоционалдык дүйнөсүнө эң түз жана терең таасир этет[1].

Музыканын адамдын организмине тийгизген таасири илимпоздор, медиктер жана психологдор тарабынан далилденген. Музыка физиологиялык процесстерге эмоциялар жана гормон өндүрүү системасы, дем алуу ритми жана кан агымы аркылуу таасирин тийгизери белгилүү. Музыка тиешелүү сезимдерди тикеден-тике ойготпойт, ал ошол сезимдердин жаралышына организмди алдын-ала шарттайт. Ушундан улам сабакта пайдаланылуучу музыкалык материалды өтө кылдаттык менен тандап алуу керек.

Студенттердин эстетикалык маданиятын калыптандыруунун эң маанилүү милдети болуп салттуу музыкада жана ал аркылуу жаратылышта, адамдардын иш-аракеттеринде жана күнүмдүк турмушта сулуулукту, кооздукту толугу менен кабыл алуу, терең сезүү жана түшүнүү жөндөмдөрүн калыптандыруу саналат.

Студенттерди салттуу музыка менен тааныштыруунун негизги маселеси – азыркы жаштардын, өзгөчө шаар жерлеринде өскөн жаштардын элдик маданияттын "тилин" билбегендиги. Анткени КРдын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде эстетикалык циклдагы сабактарга, анын ичинде музыка сабагына болгон кайдыгер мамиле, музыка сабагынын саатынын өтө аздыгы, жаш муундардын салттуу музыка боюнча өз учурунда толук маалымат алуусуна шарт түзүп бере албагандыгы. Ал эми студенттик куррактагы фольклордук маданиятка болгон генетикалык умтулууну билим берүү (заманбап музыкалык билим берүү Союз убагындагыдай эле классикалык Европалык музыкага басым жасагандыктан фольклордук музыка экинчи планда калып, аны толук кабыл алуу мүмкүн болбой калат), социалдык-маданий кырдаал – интернет, массалык маданияттын таасири сыяктуу медиа дүйнө таанымын таңуулаганда эле кыргызга мүнөздүү эмес нерселер басымдуулук кылып кетүүдө. Биздин милдет –салттуу музыканын тилин студенттерге түшүнүктүү кылып, алардын сенсордук түшүнүгүнөн өткөрүү.

Фольклордук музыкалык материалды колдонууга жогоруда айтылгандай өтө кылдаттык менен мамиле жасоо керек. Аларды аткаруу стили өзгөргөндө, биздин пикирибизде чыгарманын мааниси гана эмес, эң коркунучтуусу дүйнө тааным да өзгөрөт.

Элдик музыкалык чыгармалардын өзгөчөлүгү – аларда жеткирүү максат кылынган маалыматтын бир бөлүгү гана камтылат, ал эми калган маалыматтар контекстте топтолот. Музыкалык чыгарманы аспапта ойной же ырдай билүү гана жетишсиз, анын кайсы доорго таандык экендигин, автору белгилүү болсо анын жашоодогу чыгармачылык көз карашы, ошол мезгилде кандай музыкалык салттар болгонун эске алуу зарыл. Анткени, биздин бүтүрүүчүлөр келечекте аткаруучу эмес, музыка мугалим адистигин алат.

Биздин пикирибиз боюнча, жаш муунду элдик музыкалык маданияттын баалуулуктарына кызыктырууга жана элдик музыканы изилдөөгө тартуудагы негизги көйгөйлөрдүн бири бул – массалык маданияттын таасири.

Азыркы цивилизациянын бардык жетишкендиктери сыяктуу эле, массалык маданияттын да оң жана терс кесепеттери бар. Массалык маданият бул жалпыга маалымдоо каражаттарынын, биринчи кезекте телевидениенин, ошондой эле кино жана массалык адабияттын баалуулуктарынын негизги булагы. Массалык маданият адамдардын жашоосуна

кирди, өзүнүн мыйзамдарын, коомдук баалуулуктарын, ишенимдерин, белгилүү бир белгилер тутумун, өзүнүн тилин жана ал тургай жазуусун жаратып, коомдун бардык катмарларына – үй-бүлөдөн экономикага жана саясатка чейин камтып, жада калса динге да таасирин тийгизди.

В.М. Пивоев элдик жана массалык маданиятты салыштырып, бул маданияттардын окшоштуктары менен айырмачылыктарын ачып берет: “элдик маданият бул – чыгармачылык, тереңдик, жергиликтүү, этно-аймактык мүнөз, жамааттык чыгармачылык, каада-салттарды сактоо, ал айылда пайда болот; массалык маданият – үстүрт керектөө жана көңүл ачуу, кеңири жайылгандык жана интернационализм, аң-сезимдүү жеке автордук, моданын таасирине дуушар болуу, шаарда пайда болот” [4].

Окуу процессинде студенттер ар кандай жанрдагы элдик ырларды: үй-бүлөлүк жана тиричилик, эмгек жана каада-салт, сүйүү ырларын: календардык жана жар-жар ырларын үйрөнүшөт. Ар бир жанрдын өзүнүн функциясы, өзүнүн поэтикасы бар, ар бир жанр өзүнчө кандайдыр бир эмоционалдык абалды, белгилүү бир сезимдерди чагылдырат. Бул ырларда эстетикалык баалуулуктар менен идеалдар, ата-бабаларыбыздын каада-салттарды чагылдырылган. Элдик музыкалык чыгармачылык – бул реалдуу жана тарыхый мезгил, социалдык фактор, билим берүүнүн жана тарбиянын деңгээли, студенттердин чыгармачылык кызыкчылыктарынын чөйрөсү катышкан көп кырдуу процесс. Элдик искусство тарых менен, адамдын этностук аң-сезими менен генетикалык жактан байланышкан. Бул аң-сезим студенттерди окутуу жана тарбиялоо процессинин жүзөгө ашырылышын камсыз кылат.
Биздин факультетте студенттер менен иштөөдө алдыга койгон жалпы педагогикалык максатыбыз –салттуу музыкалык маданияттын билим берүү потенциалын максималдуу пайдалануу.
Көздөгөн максаттарыбыз төмөнкү милдеттер менен аныкталды:

1. Окуу процессинде студенттерде салттуу музыкага болгон кызыгууну жана сүйүүнү тарбиялоо.
2. Музыкалык искусстводо камтылган элдин негизги маданий баалуулуктарын өздөштүрүү.
3. Кыргыз элинин каада-салты, ырым-жырымдары, тарыхы, ыр жанрлары, салттуу улуттук музыкалык аспаптары жөнүндө терең билим алуу.
4. Студенттерде элдик аспаптардын коштоосунда элдик музыканы аткаруу чеберчилигин, көндүмдөрүн калыптандыруу.
5. Элдик музыкалык чыгармаларды өздөштүрүү, мазмунун ачуу жөндөмүн, көндүмүн калыптандыруу.
6. Элдик музыка каражаттары менен эстетикалык идеалдарды, табиттерди, сезимдерди, муктаждыктарды ж.б. калыптандыруу.
10. Элдик музыкалык салттарды өз алдынча изилдөө, элдик музыканы жайылтууга болгон каалоосун тарбиялоо.
11. Музыкалык активдүүлүктү өркүндөтүү, элдик музыканы аткарууга чыгармачылык менен мамиле жасоо жөндөмүн өркүндөтүү.

Элдик музыка – бул студенттин чыгармачыл өз алдынча өнүгүүсүнө таасир этүүчү өзгөчө маданий чөйрө. Демек, элдик музыка аркылуу өзүнүн "менин" ырастоо анын чыгармачылык дараметин өркүндөтүүгө, өзүн-өзү көрсөтүүгө  көмөктөшүп, анын эстетикалык маданиятына таасирин тийгизет.

*Студенттердин эстетикалык өнүгүүсүн салттуу музыканын жардамы менен ишке ашырууга мугалимдердин – музыканттардын даярдыгы эстетикалык маданиятты калыптандыруунун натыйжалуулугун камсыз кылат.*

Эгемендүүлүк жылдары жаш муундарды тарбиялоо каражаты катары салттуу музыкага болгон кызыгуунун өсүшү бул жаатта адистерди даярдоого олуттуу көңүл буруу маселесин ачыкка чыгарды. Эң негизги маселе – бул элдик музыканы окутуу жаатында гана эмес, студенттердин эстетикалык маданиятын калыптандыруу жаатында да компетенттүү мугалимдердин жетишсиздиги. Учурда бул багытта адистерди И. Арабаев ат. КМУнун көркөм маданият жана билим берүү факультетинде, Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин искусство факультетинде, Ош МУнун искусство факультетинде музыкалык билим берүү боюнча адистерди даярдашууда.

Аталган адистиктерди даярдоо боюнча жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандарты КР Билим берүү жана илим министрлигинин талабы менен 2021-жылы дагы кайрадан иштелип чыкты. Бул стандартта мурдагы иштеп келген стандарттын талаптарына кошумча, дисциплиналар тизмесине “кошумча аспап” дисциплинасы да киргизилди. Бул жаңылык, мындан ары кыргыздын негизги музыкалык аспабы болгон – комуз аспабы бардык музыка мугалимдери үчүн 1-курстан 4-курска чейин кошумча аспап катары окутулуу талабы боюнча кошулдуМындан ары негизги аспап катары аккордеон, фортепиано окутулуп үйрөтүлүүсү менен учур талабына ылайык ар бир музыка мугалими адистери комуз билүүсү милдеттүү экендиги белгиленүүдө. Мындай талап биринчиден музыка сабагын окутууда адистин аккордеон, фортепиано аркылуу сабак өтүүсүнө ыңгайлуулукту жаратса, экинчиден коомчулук, мектеп талап кылып жаткан комуз кружокторун уюштурууда зарыл маселенин чечилүүсүнө алып келет[3].

Музыкалык факультеттерде салттуу музыканы окутууну мындан ары да туура жолго коюп, болочок адистердин эстетикалык маданиятын калыптандырууну жолго коюу менен бирге алардын окуу процессинде жеткиликтүү маалыматтык материалды өздөштүрүп, келечекте кыргыз элинин ар тараптуу өнүккөн инсандарын тарбиялап өстүрүүсүнө колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланмакчыбыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Джакыпов, К.К. – Болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттары/ К.К. Джакыпов: Автореф. пед.илим.канд. – , 2018. – 17.
2. КР ПРезидентинин 2021-жылдын 29-январындагы Инсандын адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндө жарлыгы;
3. КР Билим берүү жана илим министрлиги, Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты 550000 – Педагогика багыты, 550600 – Көркөм билим берүү – Бишкек. 2021.-23б.
4. Пивоев, В.М. Эстетика: учебное пособие /В.М. Пивоев; ГОУ ВПО «ПетрГУ». - Петрозаводск: Изд-во ПетрГУ, 2006. - 319с.

**Рецензент: КР маданиятына эмгек синирген ишмер, композитор Артыков К.**